**Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусунда 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы жөнүндө**
**Отчет**

**Аудит жүргүзүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планы

**Аудиттин максаты:** ишине шайкештик аудит

**Аудит камтылган мезгил:** 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгы

**Аудит объекттери:** Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фонду

**Жоопту тарап**: Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фонду бул аудит боюнча жооптуу тарап болуп саналат.

**Жооптуу тараптын милдеттери:** Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фонддун жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруучу орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предметине жооптуу болушат.

**Аудитордун милдети:** аудитордун жоопкерчилиги аудитордук текшерүүнүн негизинде Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусунун ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудиттик критерийлерге) ылайыктуулугу жөнүндө өз алдынча тыянак чыгаруу болуп саналат. Аудит корутундуларды колдоо үчүн жетиштүү тиешелүү далилдерди алуу үчүн процедураларды аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун профессионалдык пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбөө тобокелдигине баа берүү менен жүргүзүлөт. Биз аткарган аудитордук процедуралар шарттарга ылайыктуу деп эсептейбиз. Алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган тыянактар үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусунун ишинин Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары – ЧУА) талаптарына шайкеш келиши болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыттын ичинде аудитке киргизилген суроолор:

- аныкталган негизги иш-чараларды аткаруу боюнча талдоо;
- фонддун атайын каражаттарынын кирешесинин түзүлүшү боюнча талдоо;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- киреше алып келүүчү долбоорлорду талдоо;
- эмгек акы жана башка төлөмдөргө аудит жүргүзүү;
- отчет берүүчү адамдар менен эсептешүүлөргө аудит жүргүзүү;
- сапар чыгымдарына аудит жүргүзүү;
- алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга жана ТМБнын ченемден ашык корлоруна, товардык-материалдык баалуулуктарга (мындан ары-ТМБ) жана негизги каражаттарга аудит жүргүзүү;
- коммуналдык кызматтарга жана транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдалануу боюнча лимиттердин сакталышына аудит жүргүзүү;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзмынын сакталышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттулуктун жүргүзүлүүсүнө баа берүү.

**Аудит критерийлери:**

Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусунун бюджеттик жана башка каражаттарды, ошондой эле мүлкүн пайдаланууда мыйзамдуулуктун сакталышын биз төмөнкү критерийлер менен баалайбыз:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “ Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 “Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-октябрындагы №545 “Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу токтому;
- КРӨнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 “Казыналык бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары” жөнүндөгү жобо;
- КРӨнүн 2016-жылдын 11-майындагы №241 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;
- КРӨнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарба жүргүзүүчү субъекттер жана бюджеттик мекемелер тарабынан кассалык операцияларды жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" токтому;
- КР Жол тейлөө жана коммуникация министрлигинин 2001-жылдын 2-августундагы №243 “Күйүүчү майларды чыгымдоо нормалары” жөнүндөгү буйругу;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторундагы каржылык отчеттуулуктарды уюштуруу Жобосу” (2024-жылдын 22-январындагы №1 буйрукка ылайык күчүн жоготкон).

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 токтому менен бекитилген, ошондой эле, шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөр жана INTOSAIнин негиз салуучу принциптерине ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2024-жылга аудит жүргүзүү планы жана буйруктары аудит жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат.

Аудит аудит объектисинин кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн иш кагаздарынын, материалдарынын, маалыматтарынын негизинде Кыргыз

Республикасынын Эсептөө палатасынын бекитилген программасына ылайык жүргүзүлдү.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык, аудитти жүргүзүү үчүн берилген маалыматтардын аныктыгына, объектүүлүгүнө жана толуктугуна аудит объектисинин кызмат адамдары жоопкер болушат.

Аудит үчүн келишимдерди бурмалоо тобокелдигине же финансылык отчеттуулуктагы калдыктарды баалоо максатында өлчөмү боюнча негиздүү босоголук маанидеги эсептешүүлөргө №3 Форма пайдаланылды.

**Корутунду**

Аудитте, Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусунун иши төмөндө көрсөтүлгөн жагдайларды кошпогондо, бардык материалдык жагынан мыйзамдын талаптарына ылайык келери аныкталды.

Белгилей кетсек, Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусу 2021-жылдын 3-ноябрында уюштурулган.

АУДИТТЕ АНЫКТАЛДЫ:

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен табылган баардык финансылык бузуулардын жалпы суммасы **9255,3 миң сомду** түзөт, аныкталган бузуулардын ичинен 9245,2 миң сому ордуна коюлууга жатат. Анын ичинен:

- курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жана наркын жогорулатуу (230207) **2269,5 миң сом**, ордуна коюлууга жатат;

- кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар (230303) **10,1 миң сом**;

- бухгалтердик эсепке негизги каражаттарды эсепке алуу боюнча мыйзам талаптарынын сакталбашы (410211) **6975,7 миң сом**, ордуна коюлууга жатат.

Мындан тышкары, 4 (төрт) башка жол-жоболук бузуулар аныкталган.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **2269,5 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен:

- подрядчы “ИНТЕГРАЦИОННО-ПРОИЗВОДСТВЕННАЯ КОМПАНИЯ “ТЕПЛОСТАН” ЖЧКсы тарабынан “Нарын облустук администрациясынын “Жаштар” ордосунун имаратын капиталдык оңдоп-түздөө” объектисинде аткарылган иштеринин актыларында кошумча нарк салыгы (НДС 12%) *276,6 миң сомго* ашыкча алынган;

- подрядчы “Ат-Башы Жаштар курулуш” ЖЧКсы “Нарын облустук медиаборборунун телестудиясын курулуш жумуштарын бүткөрүү жана ичин жасалгалоосун аяктоо” объектисинде *575,0 миң сомго* көлөмдөрү жогорулатылган жана 2022-жылдын ноябрь айында кабыл алынган 986,3 миң сомдук аткарылган иштеринин актысында материалдык баалуулуктардын (“Алып баруучунун столу” (телеведущего) жана дивандын толук жыйындысы) баасы *375,2 миң сомго* жогорулатылып коюлган;

- подрядчы “Прогресс Кей Джи” ЖЧКсы “Нарын областык бириктирилген ооруканасынын реанимациялык бөлүмүн оңдоп-түзөө” объектисинде *106,1 миң сомго* жана “Нарын областык бириктирилген ооруканасынын төрөт бөлүмүнүн имаратынын чатырын капиталдык оңдоп-түзөө” объектисинде *89,9 миң сомго* жогорулатылган;

- подрядчы “Турдалы Ата” ЖЧКсы «Ат-Башы районунун, Ат-Башы айылында Карыбек уулу А. атындагы орто мектебинин оңдоп-түзөө” объектисинде *79,1 миң сомго* жогорулатылган;

- подрядчы “Имарат Строй” ЖЧКсы “Кочкор районунун Семиз-Бел айылына флагшток орнотуу, жашылдандыруу жана эс-алуучу жай куруу” объектисинде *407,3 миң сомго* жогорулатылган. Мындан тышкары, эсептөөгө ылайык бардыгы *360,3 миң сомдук* жашылдандыруу жумуштары убагында подрядчы тарабынан аткарылып, бирок, бүгүнкү күндө жашылдандыруу жумуштары иш-жүзүндө жок болгону аныкталды.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- подрядчы “ИНТЕГРАЦИОННО-ПРОИЗВОДСТВЕННАЯ КОМПАНИЯ “ТЕПЛОСТАН” ЖЧКсы тарабынан “Нарын облустук администрациясынын “Жаштар” ордосунун имаратын капиталдык оңдоп-түздөө” кошумча нарк салыгы (НДС 12%) *276,6 миң сом;*

- подрядчы “Ат-Башы Жаштар курулуш” ЖЧКсы тарабынан “Нарын облустук медиаборборунун телестудиясын курулуш жумуштарын бүткөрүү жана ичин жасалгалоосун аяктоо” объектисинде *575,0 миң сом* калыбына келтирилсин жана *375,2 миң сомдук* кабыл алынган материалдык баалуулуктары боюнча, подрядчы тарабынан баасын тастыктоочу иш-кагаздары алынып (сатып-алуу актылары, эсеп-фактуралары ж.б.у.с.) иш-жүзүндө (фактически) баасы менен кайра кабыл алынсын, ал эми, ашык көрсөтүлгөн акча каражаттары аныкталса тиешелүү бюджеттин эсебине калыбына келтирилсин. *Мындан тышкары,* подрядчы тарабынан куйма пол (наливной пол), 2 (эки) даана люстра орнотуу ж.б. жумуштары боюнча Нарын облусунун телерадиокомпаниясына белгиленген тартипте аткарылган иштеринин актылары тастыктоочу иш-кагаздары менен подрядчы тарабынан тапшырылып, натуралдык өлчөмдө калыбына келтирүү иш-чаралары Нарын облусунун телерадиокомпаниясы тарабынан каралып чыксын;

- подрядчы “Прогресс Кей Джи” ЖЧКсы “Нарын областык бириктирилген ооруканасынын реанимациялык бөлүмүн оңдоп-түзөө” объектисинде *106,1 миң сом* жана “Нарын областык бириктирилген ооруканасынын төрөт бөлүмүнүн имаратынын чатырын капиталдык оңдоп-түзөө” объектисинде *89,9 миң сом. Мындан тышкары,* подрядчы тарабынан аткарылган жумуштардын актысына кирбеген кошумча жумуштары (установка сантехнических приборов, облицовка кафелем, работы по устройству крыльца и т.п.) боюнча Нарын областык бириктирилген ооруканасына белгиленген тартипте аткарылган иштеринин актылары тастыктоочу иш-кагаздары менен подрядчы тарабынан тапшырылып, натуралдык өлчөмдө калыбына келтирүү иш-чаралары областык бириктирилген ооруканасы тарабынан каралып чыксын;

- подрядчы “Турдалы Ата” ЖЧКсы «Ат-Башы районунун, Ат-Башы айылында Карыбек уулу А. атындагы орто мектебинин оңдоп-түзөө” боюнча *79,1 миң сом*;

- подрядчы “Имарат Строй” ЖЧКсы “Кочкор районунун Семиз-Бел айылына флагшток орнотуу, жашылдандыруу жана эс-алуучу жай куруу” объектисинде *407,3 миң сом* жана *360,3 миң сомдук* жашылдандыруу жумуштары подрядчы тарабынан Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 644, 645, 675 жана 676-беренелерине ылайык кайра аткарылып берилсин, же тиешелүү бюджеттин эсебине калыбына келтирилсин.

Мындан тышкары:

- курулуш материалдарын камсыздоо долбоорлорун ишке ашырууда грант алуучу тараптардан аткаруучу иш-кагаздары (исполнительные схемы, фотоматериалы, чертежи, акты скрытых работ и т.п.) курулуш материалдарынын орнотуу актылары,

аткарылган иштеринин актылары толук көлөмдө Нарын облусунун “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фонду тарабынан милдеттүү түрдө алынсын;

- Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 666-беренесинин жоболоруна ылайык, курулуш объектисинде баштапкы сметадан айырмаланып, жумуштардын көлөмдөрү өзгөрүүгө учураса, жумуштардын көлөмдөрүнө (изменения объемов от первоначальной тендерной сметы подрядчика) комиссиялык түрдө, бекитилген курамда кайра каралып чыксын жана наряд-заказ түзүү амалдары каралсын;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 15-декабрындагы №11-нпа буйругу менен бекитилген жобонун укук-ченемдери буйрутмачы, техникалык көзөмөлдөөчү жана подрядчы тарабынан толук түрдө сакталсын;

- Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодексинин 30-главасынын, 3-параграфынын беренелеринин жоболору киргизүү менен курулуш объекттеринин сапатына кепилдик мөөнөттөрү каралып чыксын;

- курулуш объекттеринин бүткөрүү мөөнөттөрү реалдуу түрдө каралып чыгып, жумуштардын өзгөчөлүктөрүнө карата белгиленсин. Жумуштарды бүткөрүү көйгөйлүү себептерден улам жана башка өзгөчөлүктөрүнө карата созулган учурда, мөөнөттөрүн узартуу иш-чаралары жүргүзүлсүн.

**Эскертме:** Нарын облусунун “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган 2021-жылдан тартып 2023-жылга чейинки мезгил аралыгында камсыздоо жумуштары (приобретение строительных материалов, приобретение мебель, инвентарь, оборудование и т.п.) жана кээ бир курулуш жумуштары аудиттин мүнөзүнө жараша аудиттин алкагында каралган жок.

*Белгилей кетсек:* Нарын облусунун “Теңир-Тоо” өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган төмөндөгү курулуш объекттери боюнча подряддык келишимдер 2023-жылдын декабрь айында түзүлгөндүгүнөн, аткарылган иштердин актылары аудит мезгилинде тапшырылбагандыктан аудит мезгилине камтылбагандыгына байланыштуу аудит жүргүзүлгөн жок:

- Нарын облустук бириктирилген ооруканасына караштуу имаратын капиталдык оңдоп-түзөө боюнча үч тараптуу келишимдин баасы 13498,5 миң сом, анын ичинен 10385,1 миң сом фонд тарабынан каржылоосу каралган. Үч тараптуу келишим 2023-жылдын 15-декабрында түзүлүп, аткарылган иштеринин актылары 2024-жылдын алкагында тапшырылгандыгына байланыштуу аудит мезгилине камтылбагандыктан;

- Ак-Талаа районунун Көк-Жар айыл аймагына караштуу Ак-Кыя айылында каналдын оңдоп-түздөө жумуштары боюнча үч тараптуу келишимдин баасы 5347,7 миң сом, толук фонд тарабынан каржылоосу каралган. Аткарылган иштеринин актысы аудит мезгилинде тапшырылбагангандыктан (подрядчы тарабынан 3208,6 миң сомго курулуш материалдары тапшырылган).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** Фонддун Байкоочу кенеши тарабынан 2022-жылдын 19-ноябрында бекитилген штаттык ыраатгамада жалпы 8 бирдик каралгандыгына карабастан, штаттан тышкары 2021-жылдын ноябрь айында 0,5 ставкада 1 (бир) бирдик юрист кызматы каржыланып, **10,1 мин сом** эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Байкоочу кеңеш тарабынан бекитилген штаттык ыраатгамага ылайык иш алып барылсын. Штаттан тышкаркы кызматтарды кабыл алууга жана каржылоого жол берилбесин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен

бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобонун (2024-жылдын 22-январындагы №1 буйрукка ылайык күчүн жоготкон) талаптарын бузууга жол берилген, Фонд тарабынан каржыланган долбоордун алкагында сатылып алынган товардык-материалдык баалуулуктар, ондолуп түзөлгөн имараттар, коммуникациялар жана жабдуулар бухгалтердик эсепке негизги каражат катары бухгалтердик эсеп боюнча жалпы суммасы **6975,7 миң сомго** балanска кабыл алынган эмес. Фонд тарабынан каржыланган төмөнкү долбоорлор боюнча:

- 2022-жылда Нарын шаарындагы М. Сыдыков атындагы орто мектебинин жылуулук системасы жалпы суммасы *930,6 миң сомго* капиталдык ремонттон өткөрүлгөн, бирок, Нарын шаардык мэриясынын балансына кабыл алынган эмес;

- 2023-жылда жалпы суммасы *1039,0 мин сомго* сатылып алынган Нарын шаарындагы В. Чкалов атындагы орто мектебиндеги интерактивтүү панель, 3 даана принтер, 2 даана проектор жана 15 даана компьютер Нарын шаардык мэриясынын бухгалтердик балансына кабыл алынган эмес. Белгилей кетсек, долбоордо көрсөтүлгөн EPSON EB-E10 үлгүсүндөгү 2 даана проектордун ордуна (1 даанасынын баасы 49,0 мин сомдон жалпы баасы 98,0 мин сом**)** башка үлгүдөгү EPSON EX-3240 жана EB-S9 маркасындагы проекторлору тургандыгы аныкталды;

- 2023-жылда Нарын районунун Миң-Булак айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык ишканасына жалпы суммасы *2400,0 миң сомго* сатылып алынган мык чыгаруучу 4 станок Нарын районунун Миң-Булак айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алынган эмес;

- 2023-жылда Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн “Саясий агартуу” үйүнүн ичине жалпы суммасы *2606,1 миң сомго* (грант түрүндө мартта 1556,9 миң сомго, апрелде 1 049, 2 мин сомго) сатылып алынган жабдуулар (отургуч кресло) Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн балансына кабыл алынган эмес. Аталган өкүлчүлүктүн башкы бухгалтери жана чарба башчысынын берилген түшүндүрмөлөрүнө ылайык алынып келинген жабдуулар сыноо мөөнөтүү аяктай электигине байланыштуу балanска кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:** Долбоорду аткаруучулардан (жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган, мамлекеттик орган) Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругунун негизде бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобого” ылайык, негизги каражаттарды өз убагында балanска кириштөө тартибинин талаптарынын аткарылышы талап кылынсын.

Төмөнкүлөр бухгалтердик балanска кабыл алынсын:

- жалпы суммасы *930,6 миң сомго* капиталдык ремонттон өткөрүлгөн Нарын шаарындагы М. Сыдыков атындагы орто мектебинин жылуулук системасы Нарын шаардык мэриясынын балансына кабыл алынсын;

- жалпы суммасы *1039,0 мин сомго* сатылып алынган Нарын шаарындагы В. Чкалов атындагы орто мектебиндеги интерактивтүү панель, 3 даана принтер, 2 даана проектор жана 15 даана компьютер Нарын шаардык мэриясынын бухгалтердик балансына кабыл алынсын. Долбоордо көрсөтүлгөн талаптар так сакталсын. Мындан тышкары, жогорудагы сатылып алынган EPSON EB-E10 үлгүсүндөгү 2 даана проектордун ордуна (1 даанасынын баасы 49,0 мин сомдон жалпы баасы 98,0 мин сом**)** башка үлгүдөгү EPSON EX-3240 жана EB-S9 маркасындагы проекторлору тургандыгы аныкталды;

- Нарын районунун Миң-Булак айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык ишканага жалпы суммасы *2400,0 миң сомдук* “мык чыгаруучу 4 станок” Нарын районунун Миң-Булак айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алынсын;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн “Саясий агартуу” үйүнүн ичине жалпы суммасы *2606,1 миң сомго* (грант түрүндө мартта 1556,9 миң сомго, апрелде 1 049, 2 миң сомго) сатылып алынган жабдуулар (отургуч кресло) Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн балансына кабыл алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык: “**Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобосунун” (КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-октябрындагы №545 токтомунун редакциясына ылайык) 3-бөлүмүнүн 11-пунктуна ылайык, Фонддун негизги максаты болуп *“Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын артыкчылыктарына ылайык Фонддун каражаттарын натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу болуп саналат”* деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2021-жылы долбоорлорду каржылоого каралган 12000,0 миң сомдон каржылоо жүргүзүлгөн эмес, 2022-жылы долбоорлорду каржылоого каралган 272 998,1 мин сомдон 6,7 % пайызы каржыланган, 2023-жылы долбоорлорду каржылоого каралган 690 700,9 мин сомдон 9,7 % пайызы гана каржыланган.

**Сунуштама: “**Региондорду өнүктүрүү фонддору жөнүндө типтүү жобосунун” (КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 12-октябрындагы №545 токтомунун редакциясына ылайык) талаптары так сакталсын, Фонддун каражаттарын натыйжалуу пайдалануу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Ишкердик субъектилерден экономика багытындагы долбоорлордун техникалык иш кагаздарын сапаттуу, толук даярдоосу талап кылынсын жана аларга өз убагында мониторинг жүргүзүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** Аудит камтыган мезгил аралыгында тандоо ыкмасы менен каралып чыккан айрым подряддык мекеме жана ишканалар (жабдуучу) тарабынан долбоорду аткаруу мөөнөттөрү кечиктирилгени аныкталды. Натыйжада, Фонддун дирекциясы тарабынан түзүлгөн үч тараптуу (Фонддун дирекциясы, мекемелер жана подрядчылардын ортосунда) келишимдерде «подряддык мекеме же ишкана (жабдуучу) келишимди белгилеген мөөнөттөн кечиктирбестен аткарууга милдеттүү, долбоорду аткаруу мөөнөтү белгиленген мөөнөттөн кечиктирилген ар бир күн үчүн Жабдуучу Фондго келишимдин наркынын 0,5 пайыз өлчөмүндө айып пул төлөп берет» - деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, аткаруу мөөнөтүн кечиктирген мекемелерге эсептелинбеген же салынбаган айып пулдун суммасы болжол менен *2 558,3 мин сомду* түздү. Анын ичинен: подрядчы «Тянь-Шань инвестстрой» ЖЧКсы тарабынан «Нарын райондук суу чарба башкармалыгында магистралдык канал үчүн материалдарды камсыздоо» боюнча келишимде аяктоо мөөнөтү 2023-жылдын 10-июну (узартылгандыгы менен бирге) болсо, 2023-жылдын 27-декабрында пайдаланууга берилген, эсептелинбеген айып пул *1261,1 миң сом*; подрядчы «Аккорда» ЖЧКсы тарабынан «Нарын районун Миң-Булак айыл өкмөтүндө мык чыгаруучу станок менен камсыздоо» боюнча келишимде аяктоо мөөнөтү 2023-жылдын 1-марты (узартылгандыгы менен бирге) болсо, 2023-жылдын 16-майында пайдаланууга берилген, эсептелинбеген айып пул *1155,0 миң сом*; подрядчы «Прогресс Кей Джи» ЖЧКсы тарабынан «Нарын областтык ооруканасынын төрөт бөлүмүнүн имаратынын чатырын алмаштыруу» объектиси боюнча келишимде аяктоо мөөнөтү 2023-жылдын 1-июлу болсо, 2023-жылдын 10-августунда пайдаланууга берилген, эсептелинбеген айып пул *142,2 миң сом*.

**Сунуштама**: Байкоочу кенеш тарабынан жактырылган долбоорлордун өз убагында ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү иштери күчөтүлсүн. Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** 2022-жылга карата Фонддун Байкоочу кенеши тарабынан бекитилген штаттык ыраатгамага ылайык 7 бирдик каралган. Бирок, "Нарын облусунун "Тенир тоо" өнүктүрүү фонду жөнүндөгү жободо "Фонддун кызматкерлерине карата коюлуучу квалификациялык талаптары иштелип чыгып, Байкоочу кеңеш тарабынан бекитилиши зарыл"-деп көрсөтүлгөн талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама:** "Нарын облусунун "Тенир тоо" өнүктүрүү фонду жөнүндөгү жобосунун талаптарына ылайык, "Фонддун кызматкерлерине карата коюлуучу квалификациялык талаптары иштелип чыгып, Байкоочу кеңеш тарабынан бекитилсин.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө жыйынтык:** Аудит камтыган мезгил аралыгында айрым жеке ишкерлер тарабынан экономикалык долбоорлорго алынган акча каражаттардын сарпталышы боюнча маалыматы жана банк тарабынан жеке ишкерлер менен түзүлгөн келишимдердин көчүрмөлөрү камсыз кылынган жок. Анын ичинен:

- 2023-жылдын 8-декабрында жеке ишкер Н. Жумалиевага "Асыл тукум мал чарбасын өстүрүү, "Ангус" породасындагы эт багытындагы уйлардын породасын көбөйтүү" долбоору боюнча 3000,0 мин сом насыя катары каржыланган. Жеке ишкер 2024-жылдын февралында 700,0 мин сомго чөп жана малга тоют, 2300,0 миң сомго "Ангус" породасындагы уй алынган. Бодо малды базардан алгандыгына байланыштуу, бодо мал "Ангус" породасы экендигин тастыктоочу сертификаты жок болуп чыккан;
- 2023-жылдын 11-декабрында жеке ишкер Ж. Өмүракуновага "Кел Суу туристтик эс алуу борборуна кошумча мейманкана жана чайкана куруу" долбоору боюнча 1230,0 миң сом насыя катары каржыланган. Жеке ишкер Ж. Өмүракунова Нарын облусунун сырт жагында жүргөндүгүнө байланыштуу маалымат бере албай тургандыгын билдирген;
- 2023-жылдын 13-декабрында жеке ишкер Баатырша уулу Камбараалыга "Чийки сүттүн көлөмүн жогорулатууга байланыштуу сүт багытындагы уйларды сатып алуу, тоют даярдоо" долбоору боюнча 6000,0 миң сом насыя катары каржыланган. Банк менен жеке ишкер ортосунда түзүлгөн келишим банкта сакталгандыгына байланыштуу изилденген жок;
- 2023-жылдын 20-декабрында "Аира С" ЖЧКСына "атайын техникаларды, кошумча жабдууларды сатып алуу аркылуу "Доломит" ак мраморун кайра иштетүү кубаттуулугун жогорулатуу" долбоору боюнча 11 590,0 миң сом насыя катары каржыланган. Накталай алган акча каражаттардын сарпталышы боюнча маалыматтарды алуу максатында Фондун кызматкерлери тарабынан бир нече ирет ЖЧКнын жетекчилиги жана банктын кызматкерлери менен телефон аркылуу байланышуусуна карабастан, тийиштүү иш кагаздары камсыздалган жок.

**Сунуштама:** Жеке ишкерлерге экономикалык долбоорлор боюнча берилген насыялардын максаттуу пайдаланылышына өз убагында мониторинг жүргүзүлсүн.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө – Отчет;
- Нарын облусунун Теңир-Тоо өнүктүрүү фондусуна Жазма буйрук, Сунуш жөнөтүлсүн.

**Эскертме:** Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан Фонддон каржыланган мекемелердин жетекчилеринин каржы бузууларга жол бергендиги үчүн жоопкерчилиги каралсын.

Аудит маминспекторлор М.К. Нусупов, Т.Н. Ишеналиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Жетекчи** **А.Б. Туркбаев**